УДК 504.06.

## ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ СОСТОЯНИЕ ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД

**Апатаева Ж.Б.**
*Жалал-Абадский научный центр Национальной академии наук Кыргызской Республики*

## ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ

**Апатаева Ж.Б.**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Жалал-Абад илимий борбору*

## ENVIRONMENTAL CONDITIONS IN ZHALAL-ABAD

**Apataeva Zh.B.**
*Jalal-Abad Scientific Center of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

**Аннотация:** Макалада айлана чөйрөнүн айрым экологиялык көйгөйлүү маселелери жана аларды чечү үнүн жолдору, **ошондой эле жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу чагылдырылган.**
**Ачкыч сөздөр:** табият, экологиялык көйгөйлөр, жаратылыш ресурстары, айлана-чөйрө, таштандылар, калдыктар, сарамжалдуулук.

**Аннотация:** В статье отражены некоторые экологические проблемы окружающей среды и способы их решения, а также рациональное использование природных ресурсов.
**Ключевые слова:** природа, экологические проблемы, природные ресурсы, окружающая среда, отходы, бережливость.

**Annotation:** The article reflects some environmental problems of the environment and ways to solve them, as well as the rational use of natural resources.
**Key words:** nature, environmental problems, natural resources, environment, waste, thrift.

Жалал-Абад шаары Көк-Арт өрөөнүндө, байыркы Улуу Жибек жолунун ошондой эле азыркы Бишкек-Ош автоунаа жолунун боюнда, Аюб-Тоо массивинин этегинде жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 763 м бийиктикте. Жала-Абад шаары-Кыргызстандагы маанилүү административдик жана экономикалык борборлордун бири болуп саналат. Табигый байлыктарга, ысык булактарга жа-на кооз жаратылышка ээ. Аймак акыркы жылдары экологиялык көйгөйлөргө туш болуп келүүдө.

Жалал-Абад шаарындагы экологиялык абалдын начарлашынын негизги себептери–автоунаалардын көбөйүүсү, калктын санынын өсүүсүнүн натыйжасында күнүмдүк керектөөдөн чыккан таштандылар. Шаарда иштеп жаткан чакан заводдор жана цехтер (айрыкча курулуш материалдары жана тамак-аш өндүрүшү боюнча) айлана-чөйрөгө зыяндуу заттарды чыгарышы мүмкүн. Көпчүлүк учурларда тазалоо системалары жетишсиз же такыр эле жок.

Мындан тышкары, автоунаалардын саны акыркы он жылда кыйла көбөйдү. Бул шаардагы абанын сапатын начарлаткан негизги факторлордун бири болуп калды. Өзгөчө жай мезгилинде чаң, түтүн жана башка зыяндуу бөлүкчөлөр көбөйүп, адамдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө.

**Изилдөөнүн максаты:**

Жалал-Абад шаарынын экологиялык абалына, абанын, суунун жана айлана-чөйрөнүн булганыш деңгээлин аныктоо. Негизги экологиялык көйгөйлөрдү жана алардын келип чыгуу себептерин табуу, калктын экологиялык аң-сезимин балоо.

Максатка ылайык биздин алдыбызга төмөнкүдөй милдеттер жана маселелер коюлду:

1. Шаардын экологиялык абалына баа берүү .
2. Антропогендик факторлордун айлана-чөйрөгө тийгизген таасири.
3. Автоунаалардын көбөйүүсүнүн негизинде шаардын экологиялык абалына тийгизген таасирине байкоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн объектиси жана изилдөө методдору.**

Изилдөө объектиси Кыргызстандын үчүнчү чоң шаары болуп эсептелген Жалал-Абад шаарынын экологиялык абалы.

Азыркы учурда шаардын территориясынын кеңейди жана калкынын саны өстү, бул элдердин айыл жеринен шаарга келе баштаганынан да кабар берет. Шаарда өнөр жай, соода жана турак жай курулуштары тездик менен кеңейтилип жатат. Буга байланыштуу ири көлөмдөгү энергия, суу, аба, ар кандай сырье жана материалдар керек болот. Бул иш аракеттердин жыйынтыгы айлан-чөйрөгө түздөн-түз таасирин тийгизет. Өз кезегинде экологиялык тең салмактуулуктун санитардык нормаларына жооп бербеген антропогендик ландшафттын калыптанышына салым кошот.

Шаардагы экологиялык көйгөйлөр чоң жана кичине түрдүү болот. Бирок көйгөйлөр кандай болгон учурда да алар чечилиши керек. Элдин өмүрү, ден соолугу ушул көйгөйлөрдөн көз каранды.

«Шаар чөйрөсү»- бул калктын калың массасы чогулган, коомдун жашоосунда жана өнүгүүсүндө анын аймактык түзүлүшүндө маанилүү ролду ойногон функционалдык субъект катары шаардын терең маңызын туюндурган фундаменталдуу түшүнүк.

Шаардын экологиялык абалы шаардын потенциялынын маанилүү компоненти болуп саналат. Шаар чөйрөсү калктын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Антропогендик факторлор, б.а. адамзаттын иш-аракетинин натыйжасында жашоо чөйрөнүн өзгөрүшү.

Алардын таасиринен бүгүнкү күндө өтө татаал экологиялык кырдаалдар (парниктик эффект, кислоталык жаан-чачын, токой аянттарынын кыскарышы, чөйрөнүн уулуу заттар менен булганышы ж.б.) пайда болууда.

Объектини изилдөөдө колдонулуучу илимий методдор - бул маалыматтарды чогултуу, анализдлөө жана натыйжа чыгаруу үчүн колдолнулуучу ыкмалар. Жалал-Абад шаарынын экологиялык абалын изилдөө ыкмаларынын бири-байкоо (наблюдение) методу. Экологиялык абалды түз жеринен көзөмөлдөп, абанын, суунун, топурактын жана өсүмдүктөрдүн абалын визуалдуу түрдө баалоо.

- Мисалы: абадагы түтүндүн дэңгээлин, бак-дарактардын абалын байкоо.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана талкулоо.**

Жалал-Абад шаарынын экологиялык абалы азырынча туруктуу эмес. Келечекте экологиялык туруктуулукка жетишүү үчүн коомчулуктун, мамлекеттик органдардын жана бизнес өкүлдөрүнүн биргелешкен иш-аракеттери зарыл. Ар бир жарандын айлана-чөйрөгө болгон мамилеси жалпы экологиялык абалга түздөн-түз таасир берерин унутпашыбыз керек.

Абаны ири ишканалар гана эмес, автотранспорттор көбүрөөк даражада булгашат. Шаардын борбордук бөлүгүнүн абасын анын алыскы райондору менен салыштыра турган болсок алда канча таза эмес. Шаардагы абанын булгануусунун 70% үлүшүн автоунаалар түзөт. Мындан сырткары шаардын өнөр-жай ишканалары абанын булгануусуна таасирин тийгизет.

Биосфера институнун 1994-2001-жылдардагы изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча шаардын айлана-чөйрөсүнүн абалына экологиялык баа берүүдө өнөр жай откананаларынан чыккан зыяндуу заттардын атмосферага чыгарылышынын азайгандыгын көрсөтөт. Аймактын флорасына таасир этүүчү зыяндуу заттар дээрлик байкалбаган.

Жыл өткөн сайын өнөр-жай ишканалардын, ар түрдүү транспорт каражаттардын санынын өсүшү, айыл-чарбасын химиялаштыруу, айлана-чөйрөнүн газ, суюк жана катуу калдыктар аркылуу химиялык заттардын бардык түрлөрү менен булгануусунун күчөшүнө алып келди.

Айлана чөйрөнүн булгануусу физикалык жана химиялык мүнөздө болот. Физикалык булганууга антропогендик аракеттердин натыйжасында пайда болгон ызы-чуу, термелүү (вибрация) жана жылуулук радиация-

лар кирет. Белгилүү бир убакыт аралыгында адамдарга, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө коркунуч туудурган булгоочу химиялык заттардын айлана-чөйрөгө кириши химиялык булгануу болуп саналат.

Атмосферага газ түрүндөгү зыяндуу заттар транспорт каражаттарынын эсебинен көбөйөт. Автоунаалардын газдары, ар түрдүү оттон чыккан зыяндуу газдар баары абага чыгат.

Транспорт азыркы учурда айлана-чөйрөнүн булгануусунун негизги булактарынын бири болуп калууда. Алардын ички кыймылдаткычтарынын иштеши үчүн бензинди жана дизелдик отунду, оор дизелдик отунду колдонуунун натыйжасында бөлүнүп чыккан уулу жана канцерогендер айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизет. Автоунаалардан бөлүнүп чыккан газдардын курамында 200дөн ашык зыяндуу заттар жана кошулмалар бар.

Көмүртек, азоттун кычкылы жана диоксиддери, коргошун, углеводдор атмосфералык абаны булгоочу негизги заттар болуп саналат. Шаардагы автоунаалардын көптүгүнөн имараттарга жана курулуштарга термелүү (вибрация) таасири бар, бул алардын мөөнөтүнөн мурда эскиришине жана бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Таштандыларды чыгаруу шаар үчүн дагы бир олуттуу көйгөй. Өндүрүштүк калдыктарды кайра иштетүүгө аз көңүл бурулуп, таштанды төгүүчү жайлар да айлана-чөйрөнү булганышына себеп болуп жатат. Адамдын иш аракетинин кесепеттеринин бири айлана-чөйрөнүн булганышы болуп саналат.

Атмосфералык абанын булгануусунан улам учурда дем алуу органдарында оорулар күчөйт. Адам өндүрүштү өнүктүрүү менен өзүнүн муктаждыктарына ылайыкташтырат. Ал эми өндүрүштүн өнүгүүсүнүн деңгээли канчалык жогору болсо, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана айлана-чөйрөнүн булгануусу ошончолук жогору болот.

Адам баласы жаралгандан баштап табият менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө адам менен жаратылыштын мамилеси экологиялык глобалдуу маселелерге айланды. Андыктан чөйрөнүн булгануусунда башка бирөөнү күнөөлөгөндөн мурда өзүңүздүн айлана-чөйрөнүн абалына тийгизген таасириңизди эстеңиз. Таштандыларды көчөгө ыргытуу, эс алуу жайларында жана эс алууга (пикникке) чыккан жайларда майда таштандыларды калтыруу менен ушундай абалды жаратып жатабыз. Жалпы экологиялык кырдаалды жакшыртуу максатында атмосферага, гидросферага жана топуракка таштандыларды чектөө зарылдыгы келип чыгат.

Жашыл мейкиндиктер шаардын экологиясына пайдалуу таасир берет. Алар абаны тазалайт, ызы-чууларды азайтат жана шамалдан коргойт. Жашыл өсүмдүктөр абаны бардык жандыктардын дем алуусу үчүн зарыл болгон кычкылтек менен байытат. Ийне жалбырактуу өсүмдүктөр абага көп сандагы фитонциддерди (грек тилинен ***phyton*** жана латын тилинен ***cedo***-өлтүрөм, өсүмдүк тарабынан жок кылуу) тынымсыз бөлүп чыгарат алар зыяндуу организмдердин активдүүлүгүнө тоскоол болгон заттар.

Адамзаттын жашоосунда ийне жалбырактуу өсүмдүктөрдүн орду чексиз, анткени дарактардын ар бир ийнеси жана талы кычкылтек чыгаруучу чакан завод катары кызмат кылат. Ийне жалбырактуу өсүмдүктөр абаны кычкылтек менен байытат, ошондуктан алар «планетанын өпкөсү» деп аталат. Ийне жалбыратуулар витаминдерге, өзгөчө С витаминге бай. Анын кайнатмасы кээ бир ооруларды дарылоо жана алдын алуу үчүн колдонулат. Ийне жалбырактуу өсүмдүк тилкелери карды кармат турат, бул жазында өсүмдүктөрдүн суу менен камсыз болуусун жакшыртат.

Экологиялык коопсуздук бул курчап турган айлана-чөйрөнү эле коргоо эмес, жалпы элибиздин саламаттыгынын коопсуздугун сактоо болуп саналат. Көптөгөн уулу калдыктар жаныбарлар менен адамдардын ден соолугу үчүн коркунучтуу. Ар бир адам өзүн экологиялык маданияттуулукка үйрөтүп, курчаган жаратылыш чөйрөсү үчүн жоопкер болушу керек.

**Корутунду**

1. Жалал-Абад шаарында автоунаалардын көбөйүүсүнүн натыйжасында абанын булгануусу байкалат, зыяндуу газдардын абага көтөрүлүүсүнүн негизинде калктын ден соолугуна жана шаардын экологиялык абалына терс таасирин тийгизет.

2. Өндүрүштүк калдыктарды кайра иштетүүгө аз көңүл бурулуп, таштанды тө-

гүүчү жайлар айлана-чөйрөнүн булгануусуна себеп болуп жатат. Адамдын иш аракетинин кесепеттеринин бири айлана-чөйрөнүн булганышы болуп саналат.

3. Атмосфералык абанын булгануусунун натыйжасында дем алуу органдарында оорулар күчөйт. Адам өндүрүштү өнүктүрүү менен өзүнүн муктаждыктарына ылайыкташтырат. Ал эми өндүрүштүн өнүгүүсүнүн деңгээли канчалык жогору болсо, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана айлана-чөйрөнүн булгануусу ошончолук жогору болот.

Ошондуктан абанын булгануусун азайтуу үчүн энергиянын таза булактарына өтүү, транспортту жаңылоо жана таштандыларды өрттөөгө каршы көзөмөлдү күчөтүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар**

1. «Общий обзор экологического состояние Жалал-Абадской области» Информационный отчет, 2003. стр. 152-157.

2. Материалы Республиканской научно-практической конференции «Экологическое образование для устойчивого развития Кыргызстана» Бишкек, 2001.

3.«Охрана окружающей среды в Кыргызской Республике» 200-2006 Статистический сборник, Бишкек 2008.

4. «Экология: от генов до экосистем» Материалы конференции молодых ученых, Екатеринбург 2005.